# Иштерман сөөлжан



Автор: Нурайым Шаршенбаева

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

# Иштерман сөөлжан

Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Иштерман сөөлжан"(кыргыз тилинде), автор Нурайым Шаршенбаева, сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Танаписке чыккан 4-б класстын балдары мектеп багында жер казып жаткан Майрамбек агайды көрүштү. Ал балдарды чакырды.

– Мына бул жерди бош калтырбай жүгөрү айдап коймой болдум. Буюрса, силер каникулга тарагыча дүмбүл болуп калса бышырып берем, – деди ал.

– Агай, жүгөрүнүн дүмбүлү абдан сонун да!

– Ооба, өзгөчө анын чокко бышканы абдан даамдуу, – деп балдар чурулдап калышты..

– Агай, анда биз сизге жардам берели, – деди унчукпай турган Асылбек. – Атам дайыма жүгөрү айдайт. Мен аны кандай айдашты билем.

– Мен да билем. Атамдын жүгөрүлөрү үй боюндай бийик өсөт, – деди Белек.

– Биз да көрүп жүрөбүз, билебиз, – дешти башка балдар да.

– Жүгөрү айдаганды билсеңер, анда мындай кылалы. Үчкө бөлүнүп, жүгөрү өстүрүү боюнча мелдеш өткөрөлү. Кайсы топтун жүгөрүсү бийик, даамдуу жана түшүмдүү болсо, ошол топ жеңүүчү болсун. Кандай дейсиңер?

– Жарайт, агай!

– Биз макулбуз! – деген балдар дароо үчкө бөлүнө калышты. Алардын бирине Асылбек, экинчисине Белек, үчүнчүсүнө Салкынай башчы шайланды.




Ошентип мелдеш башталып, мектеп артындагы жерди ошол эле күнү казып, тырмап, түздөп да жетишишти. Эртеси үрөнүн сепмей болуп тараشты.

Асылбек кечинде Майрамбек агайга барып, себилчү үрөндү алып келип суууга салып койду. Ушинтсе эрте өсүп чыгарын атасынан уккан. Эми жүгөрүнүн түбүнө себилчү жер семирткич жөнүндө ойлонду. Атасы жер семирткич катары дайыма чириген кыкты сээп жүрөт. Өзү деле ошентсе болмок, бирок башка топтогулар да кык себишсе, мелдеште жеңе албай калышмак. Андыктан башкача бир нерсе ойлоп табышы керек болчу. Муну интернеттен издеп көрмөкчү болду. Карай баштаганда эле “биогумус” деген табигый жер семирткич көзгө урунду. Ал калифорния сөөлжандары иштеп чыгарган кык болуп саналат. Мындай кык пайдалуу заттарга абдан бай, экологиялык жактан таза жер семирткич экен. Дароо эле ушуну колдонмой болуп, топтогу башка балдар-кыздар менен байланышты. Баары макул болушту. Бирок сураштырышса, айылда биогумус жок экен. Анаранын атасы башка айылдан алып келип бермек болду.

Эртеси күнү Белек менен Салкынай баштаган эки топ бөлүнгөн жерине жүгөрү айдашты. Белектин тобу аталары айтып бергендей, Салкынайдын тобу интернеттен алынган маалымат боюнча айдашты. Ошондой болсо да, иш дээрлик окшош эле болду. Жерди жарым метрлик аралыктагы узун жөөктөргө бөлүп, арасы 20 см алыстыкта, тереңдиги 7-8 см келген чуңкурларды оюп, 2-3төн үрөн салып, үстүнө толо суу куюп, ал сиңип кетери менен жер семирткич сээп көмүп чыгышты. Мындагы жалгыз айырмасы, Белектин тобу суперфосфат аталган минералдык жер семирткичтен жарым чака септи. Ал эми Салкынайдын тобу беш чоң кап чириген кык алып келип чачып, көбүрөөк убараланышты.

Асылбектин тобу азырынча үрөн себүүгө даяр эместигин айтышты. Алар кийинки күнү түштөн кийин гана жүгөрү айдашып, биогумус табигый жер семирткичин салышты. Муну атаандаштары жөнөкөй эле кык деп ойлошту.



Ошентип күндөр өтүп, бир жумага жетпей Асылбектин тобунун жүгөрүлөрү баш кылтыйтты. Топтун балдары Асылбек үрөндү эки күнгө жакын сууга салып койгонунан көрүштү. Берки эки топтун айдаган жүгөрүсү  да акырындан өсүп чыкты. Эми балдар эле эмес, жүгөрүлөрдүн да жарышы башталгансыды. Буга мектептин окуучулары күбө болду. Ал эми 4-б класстын окуучулары жүгөрүлөрдү сугарып, отоп, болушунча бапестеп багып, жарыштан озуу аракетинде болушту.

Асылбектин тобунун жүгөрүлөрү башкалардыкына  караганда бийик да, калың да болуп бой көтөрүп, жеңүүчү болору эрте эле көрүнүп калды. Берки топтун жүгөрүлөрү бештен, Асылбектин тобунуку сегизден баш байлады.





Ошентип бат эле жай да аяктап калды. Балдар каникулдан келишти.

– Баарыңар көрүп тургандай, Асылбектин тобу биринчи орунду алды. Алардын жүгөрүлөрү бийик өсүп, мол түшүм берди. Ал эми калган эки топтун кирешеси бирдей болду. Ошентсе да, биз экинчи орунду аныкташыбыз керек. Кантип аныктайбыз? – деди агай мелдештин жыйынтыгын чыгарып жатып.

– Агай, менимче булардын алган түшүмү бирдей болгону менен Салкынайдын тобу жеңди деп ойлойм. Анткени алар жер семирткич катары чириген кыкты колдонушту. Демек, алардын азыгы химиясыз, таза. Ал эми Белектер минералдык жер семирткич менен өстүрүштү, – деди Асылбектин тобундагы Айгерим.

– Туура! Салкынайдын тобу өстүргөн жүгөрү экологиялык жактан таза, – деп угуп тургандардын көпчүлүгү колдошту.

– Демек, экологиялык жактан таза болгон үчүн экинчи орун Салкынайдын тобуна ыйгарылат, – деди Майрамбек агай.

– Жыйынтыкка каршыбыз! – дешти Белектин тобунун күйөрмандары. – Эки топ бирдей эле түшүм алды, ошондуктан экөөнө тең экинчи орун берилсин.

– Балдар, биз азыктардын экологиялык жактан таза өстүрүлүшүн колдошубуз керек. Ошондуктан, Салкынайдын тобуна экинчи орун ыйгарылышына макулмун, – деп класс жетекчи Үмүт эже калыс сөзүн айтты.

Белектин тобундагы балдар оңоюна качырып, жасалма жер семирткич сепкендерине өкүнүп калышты.

Асылбек биогумус кыгын колдонушканы үчүн жеңишке жетишкенин түшүндүрүп айтып берди.

– Биогумустагы калифорния сөөлжандары топурактагы калдыктардын баарын жеп, пайдалуу кыкка айландырат экен. Узундугу 5-8 сантиметр, салмагы 1,5-2 грамм болгон сөөлжандар суткасына 10 грамм биогумус кыгын чыгара алары белгилүү. Эң бат көбөйгөн бул сөөлжандар 10-15 жыл жашап, бир секунд да тынбай иштешери таң калтырат. Ошону үчүн биогумус сөөлжандарын өстүрүшүбүз керек экен.

Ошентип эрте жаздан башталган мелдеш аяктады.

Баарынын мындан алган байгеси суугa, чокко бышкан даамдуу жүгөрү болду...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Нурайым Шаршенбаева
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**